# Телефонсуз күн



Автор: Елена Попова

Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Телефонсуз күн

Автор: Елена Попова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Телефонсуз күн" (кыргыз тилинде), автор Елена Попова, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, которгон Талгат Деркембаев

*День без телефона*, Copyright © 2023, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Апа, – деп Даша өз ойлору менен бөлүшүп жатты.

– Эртең дем алыш күн эмеспи. Биз балдар болуп телефон менен онлайн ойногонго чогулабыз.

– Мм, аябай кызык экен. Мен үчүн да эртең дем алыш. Бул күндү сен жана сенин досторуң мен чогуу өткөргүм келет.

Аларды үйгө конокко чакырбайсыңбы?

– Апа, биздин үйдө эмне кылмак элек?

– Азырынча бул сыр бойдон калсын.

Даша досторун – Матвей, Тимур, Милана, Амир, Даниель жана Эльвираны үйүнө чакырды.

Алар үйгө келгенде бир аз уялган Даша апасынын бир сюрпризи бар экенин айтты.

Балдар токтой калышып,  түшүнбөгөнсүп карап калышты.

Бул жерден жардамга Дашанын апасы келип:

– Бүгүн аба-ырайы абдан сонун экен. Жүргүлө, таза аба менен дем алып келели. Мен силерге бала кезибизде ойногон оюндар тууралуу айтып берейин.

– Ой-ий, аябай кызык го! – деп балдар Дашанын апасынын артынан ээрчип жөнөштү.




– Көчөдө ойной турган оюн “Классиктер” деп аталат. Биз бул оюнду аябай жакшы көрчүбүз. Асфальтка чарчы формаларды түрдүү борлор менен чийчүбүз.

Дашанын апасы асфальтка бир канча чакмакты белгилүү бир ирет менен чийип чыкты.

Андан кийин аларга номерлерди жазды. Бир башкача схеманы “от” деп жазылган жарым тегерек жыйынтыктап турду.

Бардыгы кызыгуу менен оюндун уланышын күтүп турушту.

Балдар бирден жалпак таш алды. Дашанын апасы оюндун эрежесин айтып берип жатты.





Эрежелер: Алгач тегерек жалпак таш табуу керек. Андан кийин асфальтка сүрөттө көрсөткөн белгилүү иретте он чакмакты чийүү керек. Чакмактарды “от” деп жазылган жарым тегерек менен аяктайбыз.

Оюнчулар кимден кийин ким секирерин өздөрү чечет. Алгач биринчи чакмактан баштайбыз.

Жалпак ташты биринчи чакмакка ыргытабыз. Оюнчунун негизги милдети акыркы 10-чакмакка чейин ыргытып, кайра 1-чакмакка  кайтып келүү керек.

Оюнчу бир буту менен 1, 2, 5, 8- чакмактарга секирет. Ал эми 3-4, 6-7 жана 9-10 деген чакмактарга эки буттап секирүү керек. 9-10 деген чакмактан артка эки буттап секирип бурулуу керек. Бурулгандан кийин кайра ошол эле иретте 1-чакмакка секирип жетүү керек.

Оюнчу өзүнүн ташын алып, чакмактардагы кийинки цифрага ыргытат. Ошентип акыркы цифрага чейин ташын ыргытып, оюнду улантуу керек.

Оюн учурунда өтө этият болуп, сызыкка жана “от” деп жазылган жарым тегерекке тийгизип албоо керек. Мээлеп аткан чакмактан башкага ташты түшүрүп алсаңар, жыдып каласыңар. Жыдыгандар кезекти башка оюнчуга өткөрүп берет.

Балдарга аябай кызык болгондуктан,  убакыт кантип өтүп кеткенин байкабай калышты.

– Балдар, чарчадыңар го. Келгиле, отуруп бир аз эс алып алгыла.

Эми балдар, “Бузук телефон” жана “Крокодил” деген оюндарды ойнойбуз.

– Алар кандай оюндар болду экен?

– Мен азыр силерге эрежелерин айтып берем.

“Бузук телефон”. Катышуучулардын саны 5тен аз болбош керек. Оюнчулар көп болсо андан кызык болот. Бардык катышуучулар бир катарга отурушуп, жанындагы баланын кулагына шыбырайт. Оюндун алып баруучусун тандап алабыз. Ал кайсы бир сөздү же фразаны ойлоп таап биринчи турган оюнчуга шыбырайт.

Бирок ал муну акырын жана өтө тез айтышы керек. Биринчи оюнчу укканын башкалар укпагыдай кылып экинчиге шыбырайт. Экинчи оюнчу үчүнчү оюнчуга шыбырайт. Ошентип, чынжыр сыяктуу улана берет.

Акыркы оюнчу үнүн катуу чыгарып укканын угуза айтат. Оюндун аягында, алып баруучунун айтканы башка сөз менен алмаштырылып айтылып калат.





Балдар бир фразаны айтып көрүүнү чечишти. Алып баруучу кылып Амирди тандап алышты. Ал Матвейдин кулагына бат-баттан: “Чарбакта тоок кокулдайт” деген сүйлөмдү айтты. Матвей “Чарбакта куркулдайт” деп укту. Кийинки сөзүн “өсөт” деп каңырыш угуп калды. Ал Элвирага “Чарбакта куркулдай өсөт” деп айтты.

Ар бир оюнчу сөздү улам башкача өзгөртүп айтып жатты.

Эч ким сүйлөмдү туура  айтып бере алган жок.  “Корукчу Кузя дарбызды жакшы көрөт”, – деп чынжырдын акырында турган Даша айтты. Мындай жыйынтыкка баарынын боору эзилип каткырып калышты.

– Эми балдар, мен силерге “Крокодил “ деген оюнду үйрөтөйүн.

Алып баруучу биринчи оюнчуга бир сөздү колу менен жаңсап көрсөтүүнү буюрат. Ал аны кулагына акырын шыбырайт. Биринчи оюнчу кийинки оюнчуга айтылганды сүйлөбөй, жаңсап түшүндүрөт. Бул оюнду ойногондо күлбөгөн жан калган жок. Аябай шандуу болду. Бири тоос кушту көрсөтсө, бири коркунучтуу орангутанг маймылды көрсөтөт. Бири кирпини көрсөтсө, бири кайыкты, бири шайтан арабаны көрсөтөт.



– Кана, балдар, силерге оюн жактыбы? – деп сурады Дашанын апасы.

– Ооба, ооба! Оюнду улантальчы!

– Балдар, кеч кирди. Менин да иштерим бар. Силер менен жагымдуу убакыт өткөргөнүмө өтө кубанычтамын. Биздин үйгө келип тургула. Дагы бир нерсени ойлоп табабыз.


– Даша, сенин апаң сонун турбайбы! – дешти балдар.

Дашанын эки бети алоолонуп ысып чыкты.

– Бул күн мага да жакты, – деди Даша.

Маанайлары куунак болгон балдар үйлөрүнө тараштты. Алар бүгүнкү күн тууралуу ата-энелерине айтып берүүгө ашыгып баратышты.

Даша өзүнүн апасы менен сыймыктанды. Ал досторун жандуу оюндар менен алаксытканы үчүн апасына аябай ыраазы болду. Бул күнү эч ким телефонду эстеген да жок.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Елена Попова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- **3.2 деңгээли**

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли